**"БЕКИТЕМИН"**
**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**илим, эл аралык коммуникациялар**
**жана инновация боюнча**
**проректору, п.и.д., доцент**
**А.К. Чалданбаева**

________________

"12" ___06___ 2024

**Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын** изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин **«Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасынын**

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз элинин маданий мурастарынын бири болуп салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү саналат. Бул көркөм кол өнөрчүлүк кыргыздардын чарбасы, маданияты, социалдык байланыштары, алардын материалдык жана руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат бере ала турган баалуу тарыхый-этнографиялык булак катары терең мааниге ээ. Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү, жүндү иштетүүдөгү, салттуу килем токуудагы кылымдап топтолгон элдик билими, тажрыйбасы, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштары, алардын килем көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы, эстетикалык баалуулуктары, кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын мааниси, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү, килем токуу учурундагы ага байланышкан кыргыздардын салттары алигиче кыргыз этнология илиминде атайын изилдөө объектиси жана предмети боло элек. Кыргыз килеминин ажарын ачып турган көчөттөрүнүн семиотикалык эволюциясы да дээрлик

ОК: Бибулатова А.Р.

ДС 07.23.679
Вх. № 2024/10 от 14.06.24
Уч. секр. ________

изилденбеген. Ааламдашуунун капшабы биринчи кезекте салттуу маданиятка, анын ичинде кол өнөрчүлүккө тийди. Анын таасири өзгөчө XX к. экинчи жарымында сезиле баштаган - табигый ресурстардын негизинде өнүгүп келген кол өнөрчүлүктүн базасы тарып, анын элдик салттары унутула баштаган абал жаралды. Ошол эле учурда ар бир этнос өзүнчөлүгүн сактап калууга аракет кылган тенденция да пайда болду. Учурда өлкөбүздө салттуу маданиятты сактоо жана жандандыруу маселелери мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп жатат. Улуттук нарк – элдин руханий маданиятынын курамдык бөлүгү, ал өзгөчө идеялардын жана туруктуу элдик эрежелердин негизинде калыптанаары белгиленди. Килем даярдоо жүрүмү да мындан четте калган эмес. Анын артында жогоруда айтылгандардан сырткары өз ишине берилгендик, эмгекчилдик, коздукка умтулуу сыяктуу нарктуу сапаттар турат. Килем токуунун жүрүшү айтылган көөнөрбөс элдик салттарды, чеберчиликти кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн да мектеби болуп саналат. Бул жүрүм элдик педагогиканын мыкты ыкмалары менен ишке ашырылган. Ошондуктан, кыргыздардын салттуу материалдык жана руханий маданиятынын тарыхын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу изилдөө менен анын элдик салттарынын сакталып жана кайра жандануусуна, азыркы жана кийинки муундардын элибиздин нарктуу дөөлөттөрүн аңдап билүүсүнө жана аларды туу тутуусуна, улуттук баалуулуктар менен сыймыктануусуна, алардан нарктуу адеп-ахлак башаттарын табуусуна жетишүүгө болот.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Диссертант өзүнүн илимий ишинде топтогон изилдөө материалдарын тандап алган этнологиялык, тарыхый ыкмалар аркылуу талдоонун натыйжасында төмөндөгүдөй илимий жыйынтыктарды чыгарган:

- XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык жана руханий маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын изилдөө жана килем токуу өнөрүнүн өнүгүшү боюнча тарыхнаамалык

эмгектер килем токуу кол өнөрүнүн маанилүү багыт экендигин билдирет;

• Токулган килемдин негизин койдун, эчкинин жүнү жана төөнүн булалары түзгөн жана алардан чеберчилик менен жип, түк, түр, эриш, аркак, жоропторду даярдашкан;

• Килем үчүн даяр болгон жиптерди ар түркүн табигый боёк берүүчү өсүмдүктөрдүн жардамы менен керектүү түстөргө боёп алышкан. Аларды даярдоо, боёо жана колдонуу ыкмалары кыргыздардын көчмөн жашоосуна ыңгайлашылган;

• Килем токууда колдонулган эмгек куралдардын жасалуу материалдары, алардын колдонуу техникасы кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн бай экендигин көрсөтөт. Килем токуу үчүн эмгек куралдарын негизинен үй шартында эле үй ээлери өздөрү даярдашкан, айрым гана учурларда жергиликтүү усталарга буйрутма берип жасатышкан;

• Салттуу килемдерди даярдоо ыкмалары муундан муунга салт катары өткөрүлүп, килем жасоо жараяны аркылуу кыздардын жана келиндердин коомго социалдашуусуна өбөлгө түзгөн. Килем токуу өнөрү үй-бүлөлүк, уруулук жана элдик баалуулуктардын бири катары эсептелинет;

• Килем жана килем буюмдарын даярдоодо токуу жүрүмүнүн татаалдыгы, каражаттардын кымбаттыгы жана танкыстыгы, акыл жана күч эмгегинин айкалышуусун талап кылганы килем жасоо түйшүктүү, ошол эле учурда баалуу да иш экенин далилдейт;

• Килемдерди жасалгалоо салттарынын жана көчөттөрдү шөкөттөөдөгү көптөгөн купуя белгилердин пайда болушу байыркы табынууларга жана ишенимдерге негизделген жалпы булактан келип чыккан. Килемдерди жасалгалоодо кыргыздардын ишенимдери жана табынуулары айрым бир белгилер түрүндө чагылдырылган.

• Килем токуу жүрүмү кыргыздардын өзүнө тиешелүү салт-санаалар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр менен коштолуп турган;

• Кыргыз элинин жашоо тиричилиги, үй эмеректери алардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана үрп-адаттарына байланыштуу жүргүзүлүп, килем токуу техникасын колодонуу менен жасалган буюмдар сакралдык мааниге ээ. Ошол эле учурда тажрыйбалык маанисин ушул күнгө дейре жогото элек.

Чыгарылган жыйынтыктар изилдөөнүн материалдарын талдоонун натыйжасында илимий жактан негизделген.

3. **Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктардын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Чыгарылган жыйынтыктар негиздүү экендигин белгилейбиз. Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү изилдөө материалдарын талыкпай талдоонун, туура тандалган этнографиялык методологиянын негизинде диссертанттын тикеден-тике байкоо жүргүзүү, стационардык изилдөө, маектешүү, сурамжылоо, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, тарыхый объективдүүлүк, ыкмаларын, структуралык-семиотикалык талдоо ыкмасын колдонуусу аркылуу камсыздандырылган.

3. **Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү.**

Кыргызстандагы этнология илиминде алгачкы жолу кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү изилдөөнүн объектиси катары каралган. Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө экспедициялык талаа материалдары, музейдеги килем жана килем буюмдары жана аларга байланыштуу болгон экспонаттар, көркөм эпикалык чыгармалардагы жана тарыхый-этнографиялык адабияттардагы килем токуучулукка байланыштуу материалдар комплекстүү каралды. Жыйналган маалыматтардын негизинде кыргыздардагы салттуу килем жана килем буюмдарынын пайда болуу тарыхы изилденип, анын жергиликтүү кол өнөрчүлүк экендиги далилденди. Кыргыздар өзүнө таандык өзгөчөлөнгөн, башка этностордон айрымаланган салттуу килемди токушкандыгы жана турмуш тиричилигинде пайдаланышкандыгы аныкталды.

Алгачкы жолу салттуу килем жана килем буюмдарынын токуу куралдарын даярдоонун жана чеберчилигинин жүрүмү каралды. Ушул күнгө чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндө колдонулган эмгек куралдары – ийиктин, токмоктун, сабоолордун түрлөрү жана жасоо ыкмалары көрсөтүлдү. Салттуу килем жана килем буюмдарын токуу үчүн керектелүүчү жиптердин түрлөрү жана килем жасалуучу дүкөндү килем токууга даярдоо жүрүмү реконструкцияланып киргизилди.

Алгачкы жолу килем үчүн даярдалган жиптерди боёо үчүн табигый өсүмдүктөрдөн боёкторду даярдоо жана жүндү боёо ыкмалары көрсөтүлдү;

Килемди токуу жүрүмүндөгү көрүнүштөр, андагы бай оюм чийимдер аркылуу кошуна жашаган башка түрк элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштар бар экендиги такталды;

Кыргыздардын башка элдерден айрымаланган жарым-көчмөн жашоодогу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн тажрыйбалык мааниси, колдонулган чөйрөсү көрсөтүлдү.

Килем токуу салты, андагы колдонулган негизги чийки заттар жана орнаменттер (оймо-чиймелер) кыргыздардын чарбасынын негизги түрү – мал чарбачылык, ал эми дыйканчылык – чарбанын кошумча түрү болгондугун далилдейт. Килем токуу жүрүмүнүн жана токуу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрүнүн негизинде кыргыздардын килем токуусу жергиликтүү мүнөзгө ээ экендиги, ал өз алдынча өнүккөн көрүнүш экендиги, жеке өзгөчөлүктөрү менен башка элдердин килемдеринен айрымаланаары тууралуу жыйынтык чыгарууга болот. Мал чарба продукциясынын өндүрүлүшү (жүн), күндөлүк жашоо-турмуш, кошуна элдер менен ар кандай байланыштары кыргыздардын өзүнө гана таандык килем токуу салтын пайда кылган.

Иштин практикалык мааниси биринчи кезекте этнология, тарых, маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу эмгектерди жазууда колдонула турган материалдарды берээри менен аныкталат. Маданиятты изилдөөчүлөрдүн, археологдордун, этнографтардын жана тарыхчылардын изилдөө иштерине маанилүү көмөк көрсөтө алат;

Жогорку окуу жайлары, жана илимий мекемелер үчүн колдонмолорду иштеп чыгуу, маданияттын тарыхы эле эмес этнология, кыргыз этнографиясы, Кыргызстандын тарыхы, кыргыз элинин материалдык жана руханий маданиятынын тарыхы предметтери үчүн окуу-методикалык колдонмо куралдарды, хрестоматияларды жазуу үчүн пайдалуу. Кыргыз килем музейин түзүүгө, арт-студияларды уюштурууга, туристтер үчүн салттуу кол өнөрчүлүк очокторун, картасы жана сүрөттөрү менен туристтик-маршрут буклеттерди жасоодо, интерактивдүү көргөзмөлөрдү уюштурууга (окуучулар, туристтер, кызыгуучулар үчүн), жергиликтүү жана мамлекеттик башкаруунун ишмердүүлүгүндө эл аралык уюмдардын колдоосу менен бизнес-инкубаторлорду түзүүгө негиз боло ала турган колдонмолорду түзүүгө пайдалуу болот.

Диссертацияда колдонулган талаа материалдарын системалаштырып, анын натыйжаларын килем токуу чеберлеринин практикалык иш-аракеттеринде колдонуп, кыргыз салттуу килемин өндүрүүнү жандандырууда пайдаланылышы мүмкүн.

Диссертациялык иштин материалдары, андагы илимий жоболор, көз караштар жана жыйынтыктар Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин этнографиясын, тарыхын изилдөөдө, окутууда, окуу-усулдук куралдарды жазууда, жогорку окуу жайдын тарых, юриспруденция багытында окуган студенттерге дипломдук, магистрлик иштерди жазууда колдонулушу мүмкүн.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациялык изилдөөнүн кээ бир жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик илимий журналдарга макалалар жарыяланды.

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда 7 макала жарыяланган. Жарык көргөн макалалардын мазмуну диссертациянын мазмунун чагылдырат жана жарыяланган эмгектердин упайларынын (баллынын) көлөмү жеткиликтүү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы койгон талаптарга жооп берет.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна туура келет. Авторефераттын мазмунунда диссертациянын текстиндеги материалдар чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык диссертациялык иштин кыска резюмеси кыргыз, орус, англис тилдеринде берилген.

**7. Диссертациянын мазмуну жана шөкөттөлүшү боюнча кемчиликтер жана сунуштар.**

Диссертациялык иште жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым бир мүчүлүштүктөр да бар экендигин белгилеп, диссертантка төмөндөгү сын пикир жана сунуштар берилди:

1. Негизинен диссертациянын теориялык бөлүгү килем токуу кол өнөрчүлүгү көчмөн, жарым-көчмөн, отурукташкан цивилизацияларга таандык экендиги жана алардын ортосундагы жалпылык, айрымачылык, байланыштар, өзгөчөлүктөр боюнча маалыматтар менен дагы толукталса дурус болмок.
2. Диссертациянын методикалык ыкмалар көрсөтүлгөн параграфында методдор сиздин иште кандай пайдаланылгандыгын жана кандай илимий жыйынтыктарга жетишүүгө көмөктөшкөндүгүн даана көрсөтүү зарыл.
3. Килем токуу өнөрү – кыргыздардын өзүнө гана таандык экенинин далилдерине көбүрөөк басым жасалса иштин маанилүүлүгү мындан да артмак деп эсептейбиз.
4. Диссертациялык иштеги кээ бир шилтемелерди тактоо зарыл. Иштин шөкөттөлүшүндөгү каталарды жоюу менен тактоолорду киргизүү жана өздүк маалыматтарды талдоону жакшыртуу керек.

5. Диссертант илимий жыйынтыктарды бардык параграф, главалар боюнча бир кылка чыгарган эмес, кээ бир бөлүктөрдөгү илимий жыйынтыктар корутундуда орун албай калган.
6. Диссертациялык изилдөөнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен глоссарийди мындан ары да толуктоо керек. Диссертациянын тиркемесине фото материалдарды классификациялоо жолу менен жайгаштырып кошуу керек. Бул изилдөөнүн мазмунундагы көп маалыматтарды түшүндүрүүгө жардам берет жана иштин илимий-практикалык деңгээлин жогорулатат деген ойдобуз.
7. Изилдөөнүн булактарындагы жергиликтүү этнографиялык материалдарды жыйноонун, талдоонун, колдонуунун тажрыйбасын жайылтуу максатында ушул булактар боюнча өзүнчө хрестоматиялык материалдардын жыйнагын жана глоссарийди басмадан чыгарууну сунуштайбыз. Аталган материалдарды Кыргызстан элдеринин этнографиясын, тарыхын жана коңшу элдер менен байланыштарын окутууда студенттер, магистранттар үчүн методикалык колдонмо материал катары пайдаланууга болот.
8. Диссертациянын мазмунунда кээ бир техникалык мүчүлүштүктөрдү жоюу зарыл.

Жогорудагы айтылган сын пикирлер жана сунуштар диссертациялык иштин илимий денгээлин жана кадыр-баркын төмөндөтпөйт. Диссертациянын түзүмү, мазмуну, корутундусу көрсөтүп тургандай иш жыйынтыкталган мүнөзгө ээ.

**8. КР ПК УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

**Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)”** 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кыргыз этнология илиминдеги баалуу өздүк этнографиялык жана тарыхый булактарга таянып өз алдынча жазылган, өз нугу менен аткарылган илимий эмгек болуп саналат.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасы Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин мазмуну, түзүмү, жыйынтыктары, илимий деңгээли, шөкөттөлүшү

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет, ал эми анын автору **Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.**

Корутунду-пикир И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасынын 2024-жылдын 10-июнунда өткөн атайын отурумунда талкууланган (Протокол № 12).

Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:

1. Джоошбекова А.Р. - т.и.д., профессор, кафедра башчысы, адистиги – 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология;
2. Каана Айдаркул - т.и.д., профессор, адистиги – 07.00.02. –Ата Мекен тарыхы;
3. Курбанова Н.У.- т.и. д., профессор, адистиги – 07.00.02. –Ата Мекен тарыхы;
4. Алымкулова С.К. - т.и.д., профессордун м.а., адистиги – 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология;
5. Асекова С.У. - т.и.к., доцент, , адистиги – 07.00.02. –Ата Мекен тарыхы;
6. Кожомуратова Б.Ж. - т.и.к., доцент )” 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги;
7. Алыкулова Г.К. - т.и.к., доценттин м.а., , адистиги – 07.00.02. –Ата Мекен тарыхы;
8. Айтымбет кызы Айгүл - т.и.к., доценттин м.а., , адистиги – 07.00.02. –Ата Мекен тарыхы.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**

**«Кыргызстандын тарыхы жана этнология»**

**кафедрасынын башчысы, т.и.д., профессор Джоошбекова А.Р.**

**Катчы: Карыбекова Г.Э.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ